УДК 373.2

***Жаркынбекова Г., Калыкова Г., Жантаев А. С.***
*Жаркынбекова Гүлнура – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Калыкова Гүлзат – мугалим, №5 К. Жакыпов атындагы орто мектеп*
*Жантаев Адилбек – ф.и.д., профессор, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН КОММУНИКАЦИЯЛЫК АСПЕКТИСИНИН ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

# ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ КОММУНИКАТИВНОГО АСПЕКТА ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

# PSYCHOLOGICAL-PEDAGOGICAL FOUNDATIONS OF THE COMMUNICATIVE ASPECT OF PEDAGOGICAL ACTIVITY

***Аннотация.*** *Бул макалада педагогикалык ишмердүүлүктүн коммуникациялык аспектисинин психологиялык-педагогикалык негиздерине кыскача сереп жасалат. Авторлор мугалимдин коммуникациялык компетенттүүлүгү маселесине өзгөчө көңүл бурушат.*

***Аннотация.*** *В данной статье дан краткий обзор психолого-педагогических основ коммуникативной стороны педагогической деятельности. Особое внимание авторы уделяют вопросу коммуникативной компетентности учителя.*

***Abstract.*** *This article provides a brief overview of the psychological and pedagogical foundations of the communicative aspect of pedagogical activity. The authors pay special attention to the issue of teacher's communication competence.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *аспект, ишмердүүлүк, мугалим, коммуникация, компетенция, компетенттүүлүк, педагогикалык.*

***Ключевые слова:*** *аспект, деятельность, педагог, общение, компетенция, компетентность, педагогический.*

***Key words:*** *aspect, activity, teacher, communication, competence, competence, pedagogical.*

Мугалимдин билгичтиктеринин ар түрдүү топтору жана аларды калыптандыруунун жолдору Е. И. Лященко, Н. Д. Кучугурова, Е. Г. Меркулова, П. И. Пидкасистый, Н. Ф. Талызина, Н. В. Черкизова, Н. А. Шайденко (текшерүүнүн жана өзүн текшерүүнүн психологиялык-дидактикалык аспектилери); В. К. Елманова, Г. В. Краснослабоцкая (гностикалык билгичтиктер); И. Т. Лукова (тарбия ишинде); А. Родригес, О. И. Федяев (прогностикалык); И. А. Засобина, Л. В. Комарова (конструктивдүү); Т. В. Андронова, А. П. Акимова, З. И. Большакова, Л. Ф. Спирин, Г. А. Нагорный, Н. Е. Федорова, В. М. Чайка, Е. Ф. Широкова (педагогикалык кубулуштарды талдоо жана чыгармачыл педагогикалык милдеттерди чечүү билгичтиги); Т. Ю. Баскакова, Б. С. Кобзарь, Е. В. Трофимова (диагностикалык билгичтиктер); Я. А. Ваграменко, В. М. Монахов, И. А. Румянцев, И. В. Ряхинова (программаланган текшерүү жана компьютердик окутуу технологиялары); И. И. Легостаев, Т. Ш. Шихнабиева (маалыматтык билгичтиктер) тарабынан изилденген.

Бул макала үчүн чоң теориялык жана практикалык баалуулукка мугалимдерди кесиптик даярдоого, анын ичинде ЖОЖдордун студенттерин окутуунун кесиптик-педагогикалык багытталгандыгына арналган эмгектер: Ф. С. Авдеевдин, В. В. Андреевдин, П. Р. Атутовдун, Н. И. Батькановандын, Т. Н. Грандын, В. А. Гусевдин, М. И. Зайкиндин, Ю. М. Колягиндин, А. А. Коротченкованын, Г. Л. Луканкиндин, Н. И. Мерлинанын ж.б. изилдөөлөрү ээ болушат.

Психологиялык-педагогикалык адабияттарда «компетенттүүлүк» түшүнүгү салыштырмалуу жакында эле кеңири таралуу алган. Алсак, 1960-жж. аягында 1970-жж. башында батыштын, ал эми 1980-жж. сонунда ата мекендик адабияттарда атайын багыт – билим берүүдөгү компетенттүүлүктүк мамиле туулат. Педагогика илиминин өнүгүүсүнүн азыркы этабында «компетенттүүлүк» жана «компетенция» түшүнүктөрүнүн так аныктамасы жок. Ар түрдүү окумуштуулар бул маселеге карата өз божомолдорун астыга коюшат. Ошондой божомолдордун бир нечесине токтоло кетели.

Бул маселе боюнча көбүрөөк белгилүү илимпоз Эдинбург университетинин ардактуу професору, доктор Джон Равен болуп саналат. Ал компетенттүүлүктү конкреттүү предметтик аймактагы конкреттүү иш-аракетти майнаптуу аткаруу үчүн зарыл болгон жана тар адистик билимдерди, өзгөчө түрдөгү предметтик көндүмдөрдү, ой жүгүртүүнүн ыктарын, ошондой эле өз иш-аракеттери үчүн жоопкерчиликти түшүнүүнү камтыган бөтөнчө жөндөмдүүлүк катары аныктайт [4, с. 6].

Башка изилдөөлөрдө, «компетенттүүлүк» түшүнүгү менен катарлаш «компетенция» түшүнүгү да колдонулат [1], ал дагы ар түрдүү булактарда вариативдүү сыпаттоого болот. Бирөөлөр аны «компетенттүүлүк» түшүнүгүнө теңдеш кылышат, башкалары аны өз алдынча түзүм катары бөлүп көрсөтүшөт.

Д. И. Ушаковдун редакциясындагы түшүндүрмө сөздүктүн авторлору компетенттүүлүк жана компетенция түшүнүктөрүнүн ортоснудагы айырмаларды биринчи болуп далилдөөгө аракеттенишкен: «Компетенттүүлүк – кабардар болгондук, авторитеттүүлүк; компетенция – берилген адам аларда авторитеттүүлүккө, таанымга, тажрыйбага, ыйгарым укуктар чөйрөсүнө ээ болгон маселелердин, көрүнүштөрдүн чөйрөсү» [1].

Т. М. Сорокинанын пикири боюнча, мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү деп, анын педагогикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга карата теориялык жана практикалык даярдыгынын биримдиги түшүнүлөт. Компетенттүүлүк мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн негизин түзүүчү кесипкөйлүктүн баскычтарынын бири катары каралат. Мугалимдин компетенттүүлүгү инсандын педагогикалык милдеттердин ар түрдүү типтерин түрдүү деңгээлде чечүүгө жөндөмдүүлүгү катары чечмеленет.

Анын изилдөөсүндө мугалимдин кесиптик компетенциясы анын кесиптик даярдыгынын динамикалуу, процесстик кыры, мотивациялык дагы, ишмердүүлүктүк дагы кесиптик өсүүнүн, кесиптик өзгөрүүлөрдүн мүнөздөмөсү катары түшүндүрүлөт [5, с. 110-111].

В. Н. Введенский «кесиптик компетенттүүлүк» түшүнүгүн колдонууга киргизүүнүн максатка ылайыктуулугу анын мазмунунун кенендиги, «кесипкөйлүк», «квалификация», «кесиптик жөндөмдүүлүктөр» ж.б. өңдүү кеңири колдонулуучу түшүнүктөрдү бириктирген интеграциялык мүнөздөмөсү менен шартталган деп эсептейт. Бирок ал каралып жаткан түшүнүктү «компетенция» түшүнүгү менен теңдештирген учурлар дагы эле көп экенин баса белгилейт. Анын пикири боюнча, компетенттүүлүк – бул кайсы бир инсандык мүнөздөмө, ал эми компетенция – конкреттүү кесиптик же кызматтык мүнөздөмөлөрдүн жыйындысы [1, с. 51].

М. И. Лукьянова мугалимдин психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүгү деп, билим берүү процессиндеги педагогикалык ишмердүүлүккө жана окуучулар менен майнаптуу өз ара аракеттешүүгө кесиптик даярдалгандыктын жогору деңгээли бар инсандын белгилүү бир сапаттарынын (каситеттеринин) жыйындысын түшүнөт. Психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүктүн компоненттери катары ал психологиялык-педагогикалык багыт алуулардын блокторун караштырат [3, с. 56-57].

А. В. Хуторской «компетенция» жана «компетенттүүлүк» деген «синоним катары колдонулуучу» түшүнүктөрдү айырмалайт: Компетенция – предметтер менен процесстердин белгилүү бир чөйрөсүнө карата берилүүчү жана аларга карата сапаттуу, жемиштүү аракеттенүү үчүн зарыл инсандын өз ара байланышкан сапаттарынын (билимдеринин, билгичтиктеринин, көндүмдөрүнүн, ишмердүүлүк ыктарынын) жыйыдысы. Компетенттүүлүк – адамдын ага жана ишмердүүлүктүн предметине карата жекече мамилесин камтыган тиешелүү компетенцияга ээлик кылуусу, ээ болуусу [6, с. 60].

Хуторской билим берүүчүлүк компетенцияны өзүнчө түзүм катары бөлүп, аны чыныгы турмуштун объектилерине карата социалдык-маанилүү жемиштүү ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон окуучунун өз ара байланышкан маанилик багыт алууларынын, билимдеринин, билгичтиктеринин, көндүмдөрүнүн жана ишмердүүлүк тажрыйбасынын жыйындысы катары аныктайт. Ал жөн эле «компетенцияны» «билим берүүчүлүк компетенциядан» айырмалоо керектигин баса белгилейт [6, с. 62].

Г. М. Коджаспирова «педагог компетенттүү болуш үчүн, белгилүү бир педагогикалык билгичтиктерге ээ болууга тийиш» деп эсептейт [2, с. 428].

Бирок С. Е. Шишов менен В. А. Кальней компетенция жана билгичтик түшүнүктөрүн так ажыратышат: «Билгичтик – бул спецификалуу кырдаалдагы иш-аракет. Билгичтиктер иш-аракеттеги компетеняи катары берилишет. Компетенция – бул билгичтик туудурган нерсе» [8, с. 79].

Ошентип, азыркы педагогикада «компетенттүүлүк» жана «компетенция» түшүнүктөрүнүн мазмуну маселеси боюнча жетишерлик карама-каршылыктуу кырдаал түзүлгөн, бул азыркы билим берүү тутумунда берилген түшүнүктөрдүн жетишсиз иштелгендиги жана ушул түшүнүктөрдүн болжолдуу аныктамаларын бөлүп көрсөтүү зарылдыгы жөнүндө күбөлөндүрүп турат.

Ата мекендик педагогикалык изилдөөлөрдө «компетенттүүлүк» терминин салттуу колдонуу кесиптик компетенттүүлүк же адистин компетенттүүлүгү менен байланышкан. Азыркы изилдөөлөрдүн манаилүү мүнөздөмөсү деп, бүгүн «компетенттүүлүк» түшүнүгү адистин кесиби же квалификациясы менен гана байланышпасын эсептөөгө болот, компетенттүүлүктүн ушул түрүн

изилдөө лидерлик абалды ээлеп турса дагы, бүгүн изилдөөнүн предмети компетенттүүлүктүн социалдык жана коммуникациялык, б.а. кесиптик эмес түрлөрү дагы болуп калышкан. Дагы бир маанилүү белгиси «компетенттүүлүк» термини адисти, кесипкойдү, б.а. көпчүлүк учурда чоң кишини мүнөздөө үчүн гана эмес, бирок мектептердин, ЖОЖдордун окуучуларын жана керек десе мектепке чейинки курактагы наристелерди дагы мүнөздөө үчүн колдонулганы болуп саналат. Ошентип, төмөнкүдөй тыянактарды жасого болот:

1. Компетенттүүлүктөрдүн түрлөрү азырынча иштелип чыккан эмес, бирок ал өзгөчө көп түрдүү деп болжоого болот. Биздин оюбузча, адамдын ишмердүүлүгүнүн түрлөрү канча болсо, компетенттүүлүктүн түрлөрү да ошончо болот. Жеке алсак, кесиптик компетенттүүлүктү жана кесиптик эмес (маалыматтык, коммуникациялык, социалдык ж.б.у.с.) компетенттүүлүктү ажыратууга мүмкүн.

2. Компетенттүүлүктөрдүн жаш курактык чек араларын аныктоо кыйын. Азыркы изилдөөчүлөр калыптанган адистердин дагы, мектепке чейинки жана кенже мектеп курагындагы балдардын дагы компетенттүүлүгү проблемаларын чечип жатышат.

Азыркы учурда компетенттүүлүк инсандын татаал маданиятка шайке шиш-аракеттердин түрлөрүн жүзөгө ашыруу жөндөмдүүлүгү катары белгиленет. Джон Равендин аныктамасы боюнча, компетенттүүлүк – бул конкреттүү предметтик аймактагы конкреттүү иш-аракетти аткаруу үчүн зарыл болгон, тар адистик билимдерди, өзгөчө түрдөгү предметтик көндүмдөрдү, ой жүгүртүүнүн ыктарын, ошондой эле өз иш-аракеттери үчүн жоопкерчиликти түшүнүүнү камтыган атайын жөндөмдүүлүк.

«Компетенция» түшүнүгү өзүнө аларда тигил же бул адам (компетенттүү) таанымдарга жана тажрыйбага ээ болгон маселелер чөйрөсүн камтыйт. «Компетенттүүлүк» сабаттуу ой жорууларды, бааларды, пикирлерди айтууга жол берүүчү билимдер менен билгичтиктерге ээлик кылуу катары жана инсандын коюлган милдеттерди жемиштүү чечүүгө жол берүүчү касиети катары түшүндүрүлөт. Компетенция компетенттүүлүктү андан ары калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн негиз (база) катары каралат (Г. П. Поторочина).

Биздин изилдөөбүздө козголгон компетенттүүлүктөрдүн бир нече түрлөрүнүн аныктамаларын келтиребиз. Коммуникациялык компетенттүүлүк – субъект тарабынан инсан аралык мамилелерди аныктоо; маалымат алмашуу; рефлексиялык жүрүм-турумду көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоочу билгичтиктердин жыйындысы (Е. М. Алифанова).

Методологиялык компетенттүүлүк – инсандын аңдаштырылган педагогикалык ишмердүүлүктү жана окуу мүнөзүндөгү изилдөөлөрдү жүзөгө ашырууга карата теориялык жана практикалык даярдыгынын биримдиги (С. К. Багадирова).

Педагогикалык компетенттүүлүк – ишмердүүлүктүн ийгилигин шарттаган кырдаалдардын же кырдаалдык милдеттердин белгилүү бир тибине адекваттуу билимдерди, педагогикалык билгичтиктерди жана кесиптик жөндөмдүүлүктөрдү бириктирүү (Т. В. Матушевская).

Кесиптик компетенттүүлүк – бул өзү менен педагогдун билим берүү процессинин проблемаларын чыгармачыл чечүүгө карата кызматтык жана социалдык-психологиялык даярдыгын аныктоочу тутумдаштырылган билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн, инсандык сапаттардын, көз караштардын жана ынанымдардын, тажрыйбанын жыйындысын беришкен компоненттердн кеңири диапазонун камтыган татаал интеграциялык түзүлүш (Н. А. Бессмертная).

Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү – педагогикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга карата теориялык, практикалык жана мотивациялык-мамилелик даярдыктын биримдиги (Л. Г. Бобкова).

Кесиптик-педагогикалык компетенттүүлүк мугалимдин интегралдуу кесиптик-инсандык мүнөздөмөсү болуп саналат. Ал анын ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктайт, тынымсыз өзгөрүп турган кесиптик кырдаалда адекваттуу, өз алдынча жана жоопкерчиликтүү аракеттенүү жөндөмдүүлүгүнөн көрүнөт, өзүн баалоого жана өзүн өнүктүрүүгө даярдыкты чагылдырат. Кесиптик-педагогикалык компетенттүүлук мугалимдин кесиптик активдүүлүгүнөн көрүнөт, ал болсо аны педагогикалык ишмердүүлүктүн жана баарлашуунун субъектиси катары мүнөздөөгө жол берет (Л. И. Колесникова) [7, с.12].

Ошентип, азыркы педагогикалык изилдөөлөрдө компетенттүүлүк эки позициядан аныкталат: биринчиден, жеке сапат, инсандын жөндөмдүүлүгү жана даярдыгы, инсандын белгилүү бир касиети; экинчиден, аң-сезим, билимдин, көндүмдөрдүн жана жөндөмдөрдүн (же жеке сапаттардын) жыйындысы, билим деңгээли. Кызматтарды мындай бөлүштүрүү өтө шарттуу, анткени компетенттүүлүктүн негизин билим, жөндөмдүүлүк жана көндүм түзөт, ал кийин практикалык тажрыйбаны топтоо менен бара-бара инсандык сапатка айланат.

**Адабияттар:**


1. Введенский В. Н. Моделирование профессиональной компетентности педагога // Педагогика. - 2003. - №10. - С. 51-55.
2. Коджаспирова Г. М. Педагогика: Учебник. - М.: Гардарики, 2004. - 528с.
3. Лукьянова М. И. Психолого-педагогическая компетентность учителя // Педагогика. - 2001. - №10. - С. 56-61.
4. Равен Дж. Компетентность в современном обществе: выявление, развитие и реализация / Пер. с англ. - М., «Когито-Центр», 2002. - 396 с.
5. Сорокина Т. М. Развитие профессиональной компетенции будущих учителей начальной школы: Монография / Т. М. Сорокина; Нижегородский государственный педагогический университет. - Н. Новгород: НГПУ, 2002. - 168 с.
6. Хуторской А. В. Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированной парадигмы //Народное образование. - 2003. - №2. - С. 58-64
7. Чанышева Г. Г. Формирование и развитие коммуникативных способностей будущих юристов : Дис.... д-ра пед. наук : 13.00.01 Казань, 2005 522 с. РГБ ОД, 71:06-13/49
8. Шишов С. Е., Кальней В. А. Мониторинг качества образования в школе. - М.: Российское педагогическое агентство, 1998. - 106 с.